КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ

ЖАЙЫЛ РАЙОНУ
КЫЗЫЛ-ДЫЙКАН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ

ЖАЙЫЛСКИЙ РАЙОН
КЫЗЫЛ-ДЫЙКАНСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

14.07.2023№ 18 с. Петропавловка а.

## Мүрзөнүн аянтын кеңейтүү үчүн каралган жер тилкесинин категориясын которууга макулдук берүү жөнүндө

Кызыл-Дыйкан айыл өкмөтүнүн башчысы М.А.Токчулуковтун Петропавловка айылынын мүрзөсүнүн аянтын кеңейтүү үчүн каралган жер тилкесинин категориясын которуу (трансформациялоо), зарыл экендиги тууралуу маалыматын угуп, талкуулап Кызыл-Дыйкан айылдык Кеңешинин отуруму токтом кылат

**ТОКТОМ:**

1.Кызыл-Дыйкан айыл аймагынын “Присельный” участкасынын № 215-контурунда жайгашкан жалпы аянты 4,0 га түзгөн сугат айдоо жерин, “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “ Өнөр жай, транспорт, байланыш, коргонуу жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Кызыл-Дыйкан айыл аймагынын башчысы - Токчулуков М,А., 4,0 га, сугат айдоо жерин башка категорияга которуу боюнча Жайыл райондук мамлекеттик администарциясынын башчысына сунуш менен кайрылсын.

3.Башка категорияга которуу (трансформациялоо) иштери аяктагандан кийин, жер тилкеси Кызыл-Дыйкан айыл өкмөтүнүн балансына алынсын.

4.Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк жүргүзүү милдети жер маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

---

Таркатылсын: иш кагаздарына, Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигине, Кызыл-Дыйкан айыл өкмөтүнө.

Төрага Дженишбеков Т.Дж.